# ЖОРО-ЖОЛДОШТОРУ

ЫРЫС АЛДЫ ЫНТЫМАК,
ЫНТЫМАГЫҢ ЖОК БОЛСО
- АЛДЫҢДАН ТАЯР АЛТЫН ТАК.

БИР НЕРСЕГЕ ЖЕТИШ ҮЧҮН,
БИР НЕРСЕНИ ЖОГОТОСУҢ.
ЭЧ КАЧАН КАЙГЫРБА.

ЖҮЗ СОМУҢ БОЛГОНЧО,
ЖҮЗ ДОСУҢ БОЛСУН.

**Зарылкан Азарович** талыкпай эмгектенүү менен бирге жакшы эс алганды да билчү. Анын шеринелеш достору Алтымыш Мамыркалиев, Садырбек Адрахманов, Бейше Жапаров, Кулов, деген ар кайсы райондордун биринчи катчылары, Алмакүчүков Мукаш, Марат Осмонов Ысык-Көл райондук Кеңешинин төрагалары, тоо-өнөржайы боюнча кесипкой, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин мурдагы депутаты Орозбек Дуйшеев, районго кеңири белгилүү санжырачы-жазуучу Карыбаев Акмат, Ысык-Көлдүн Жети Акесинин бири болгон Садыр Акенин өз небереси Карабеков Үсөнгазы, баарынан жакыны **Асылбеков Жумаш** - прокурор, жана егерь, акын - Узакбаев Калык сыяктуу кадыр-барктуу инсандар эле.


Досу Калык менен

Ошондой эле, үйүнө көпчүлүк учурда бүт Кыргызстанга, дүйнөгө таанымал инсандар меймандап келип-кетип турушчу. Алардын ичинде белгилүү жазуучулар **Чынгыз Айтматов** (баласы Аскар менен), Темиркул Үмөталиев, төкмө акындар Эстебес Турсуналиев, Тууганбай Абдиевдер ж.б.у.с. бир нече жолу болушуп, үйдүн кожейкеси Улбүбүнүн нечен түрлүү, даамдуу даярдалган дасторконунан даам сызып кетишкен.




Ошентип, Зарылкандын меймандостугу абдан күчтүү эле. Үйүнөн айылдын аксакалдарынан тартып Кыргызстандын борбору Фрунзеде кызмат өтөгөн абройлуу кызматкерлер менен Москвадагы ЦКнын жооптуу кызматчыларына дейре коноктордун аягы үзүлчү эмес.

Кыргыздардын маңдайына жазган, касиеттүү берметти болгон Ысык-Көлгө эс алууга, же болбосо бир көрүүгө кимдер гана келбеди.

**Күндөрдүн биринде,** көп жылдан бери, адегенде СССРдын Борбордук Комитетинин кызматчыларына, - деп салынып жаткан, союздук маанидеги “Аврора” пансионаты бүтүп, анын ачылуу аземине, жогоруда айтылган ЦКнын кызматкерлери менен Кыргызстандын ЦКсынын кызматкерлери чогу келишет. Ачылуу аземи жана башка официалдуу иш-чаралары бүткөндөн кийин, келген бийик даражадагы адамдарды Зарылкан Азарович үйүнө конокко чакырат. Жай мезгили болуп күндүн ачык болгонуна байланыштуу дасторконду огородундагы алма-бактын арасына даярдашат. Москвадан келген меймандарга кыргыздын накта улуттук тамак ашын даярдашып коноктарду тосушат. Мындай даамдуу тамак-ашка ыраазы болгон коноктор, биринен калбай бири, *«Зарылкан Азарович...»* - дешип, үйдүн ээсине

жана ушунчалык даамдуу тамак-аштын “автору” болгон зайыбы Уулбүбүгө ыраазычылыктарын, каалоо-тилектерин билдирип кайтышкан.

**Мындан тышкары**, жубайы Уулбүбү менен бирге, жыл сайын балдарынан бирден алып, Кавказдын курорт-торунда эс алып келчү. Ал жакта дагы достордон куру эмес эле, мисалы Кавказдын кайсы курортунда болсо дагы, **Байдул** деген жакшы балкар досу үйүнө, Нальчик шаарына алып барып, кадимкидей кой союп, иче кардын артып, Азаровичтин жанында чогу эс алган тааныштары менен кошо коноктоп узаткан күндөр көп эле болгон, (мисалы Албанов Көбөгөн менен). Досу Байдул кээде ГАЗ-21 “Волга” автомашинасына үй-бүлөсүн салып алып Ананьевого дейре келип, Зарылкандын үйүндө жатып, көлгө түшүп эс алып кэтээр эле.


Досу Байдул менен

Ошентип катышып жүргөн кезде байкаса, Кавказда, Байдул досунуку жана башка көпчүлүк жергиликтүү жашоочулардын “особняк” үйлөрү эки кабаттан салынган экен. Ал убакта, Кыргызстанда эмнегедир кабат үй салууга уруксат берилчү эмес эле. Анан, намысына келген Азаров Зарылкан, *“Кыргыздардын кавказдыктардан*

*эмнебиз кем экен"* - деп, Ананьево айлындагы үйүнүн короосуна заңгыраган чоң эки кабат үй салып салат. Муну көргөн жергиликтүү бийликтегилер, өйдө жактагы кожоюндарынан коркконунан, бирөөлөргө тоголок арыз жаздырып, текшеримиш болушуп, сотко кысым көрсөтүү менен үйдү өкмөттүн эсебине алып коюшат. Ошону менен бирге, Компартиянын мүчөлүгүнөн дагы чыгарылат.



*О.Дуйшеев*

Бирок, **Зарылкан Азаровдун** тыңдыгынан үйдүн материалдарынын баарына тиешелүү документтери так болгон. Так, мыйзамга туура келген документтерин алып, Бишкеке келип, досу тоо-өнөржайынын жана геологдордун башчысы болуп эмгектенген **Орозбек Дуйшеевдин** көмөктөшүүсү менен, ошол кездеги Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы **А.Масалиевдин** кабылдоосунда болуп, ишинин тактыгын далилдөөнүн жана А.Масалиевдин чынчыл жана адилеттүүлүгүнүн негизинде, партиянын мүчөлүгүн калыбына келтирүү менен бирге үйүн дагы кайтарып беришкен.

Ушуга улай бир окуяны кошуп кетели. **Асылбеков Жумаштын** 2012-жылы жарык көргөн "Өмүрдүн өчпөс-элестери" деген публицистикалык эскерүүлөр – китебинен. *"1973-жылы август айынын аяк ченинде*

*Нальчиктеги КПСС Борбордук Комитетинин XV-партсъезд атындагы санаториясына путевка алдым. Минвода шаарына учуп барып Нальчике кетейин деп турсам радиодон:*

*-Кыргызстандан келген Асылбеков Жумаш, Нальчик шаарына кетүүчү жайда баланча деген номерлүү "Волга" машинасы турат. Ошого келүүңүздү сураныз, - деп кайрылып калды. Таңкалып, ушунчалык да окшоштук болобу деп туруп калдым. Бир убакта, Ысык-Көлдүк Көк-Дөбөлүк Асылбеков Жумаш дегенден кийин басууга туура келди. Алдыман утурлай чыккан 40тан ашып калган жигит чыгып: -Сиз Жумаш агайсызбы? Жүрүңүз машинага. Мен Байдулмун, -деп өзүн тааныштырды. Машинага барсак машинада эки бала, бир аял бар экен.*



*Досу Асылбеков Жумаш менен.*

*-Булар менин үй-бүлөм. Сизди сыртыңыздан тааныймын. Мен Ананьеводо өскөм. Зарылкан ава менен жакшы мамиледемин. Зарылкан ава телефон чалды Сиз жөнүндө. Ошол үчүн сизди тосуп чыктым, -деп түшүндүрдү. Нальчиктеги КПСС Борбордук Комитетинин XV-партсъезд атындагы санаториясына жеткирди. -Бул "Волга" машинасы Сиз кеткиче сиздин карама-*

*гыңызда болот. Эртең машинаны иним айдап саат 10до келет, -деп коштошо турган болгондо Байдулга кайрылып: -Байдул, мен дарыланайын деп келдим. Мага машинанын кереги жок. Кокустан керек болуп калса звонит этем, -деп коштоштум.*

*Мен палатадан орун алып, дарылоо иштери башталды. Палаталык жолдошум Чымкент обком партиясынын уюштуруу бөлүмүнүн орун басары Тилемисов Эркин деген каткырыгы таш жарган ак көңүл адам. Жигитчилигин айтып отурса Чымкент эмес, Алматы, Москвасын кошкондо эч бир кыз калбаган эргул экен.*

*Ошентип эс алуу ойдогудай өтө баштады. Байдул айтканынан кайтпай "Волга" машинасын күндө жиберет. Эркинге кудай берип: -Ээ Жуке, кудай берет деген ушул. Обком партиянын катчылары жүрөт. Аларга ким машина берип коюптур. Бул да болсо биздин элдин айкөлдүгүнүн жыйынтыгы. Анткени кыргыз-казак туугандарга ссылка болуп барган элдин 70-80 пайызы аман-эсен элине кайткан.Ал эми биздин "улуу" бир тууганыбыз орустарга Сибирге баргандардан 20-30 пайызы кайтса кайткандыр. Ошон үчүн балкар туугандар биздин ата-баласына жасаган жакшылыкты унутпай, жооп кылып жаткан кербези да.* (Бул жолку кыргыздардын айкөлдүүлүгүн кавказдык туугандарга туюндурган башкы себеп, Зарылкандын элге, досторуна жасаган адамгерчилигинин жыйынтыгы болсо керек. Автордон.) *Ошон үчүн мындан ары машинаны башкарууну мен өз колума алам. Башынан менин ишиме кийлигишкен кишини сүйө бербейм, эскертип коеюн, -деп санын чаап кат-*

*кырып, кеткиче машинанын кожоюну болду.*

*Кавказды түрө кыдырдык. Байдулдукунда бир-эки жолу конок болдук.”* -деп, жогоруда аталган китебинде эскерет Жумаш, досу Зарылкандын досторуна кылган камкордугу жөнүндө.

Ушундай эле, жакшы санаалаштары, достору айыл ичинде дагы аз эмес эле. Мисалы: Жунушев Акылбек врач - Ананьеводогу райондук ооруkананын хирургия бөлүмүнүн башчысы; Исаматов Шеримбек врач - ошол эле оорукананын инфекция бөлүмүнүн башчысы; Кылычев Абдыжапар – Ананьево ички иштер бөлүмүнүн начальниги; Турсуналиев Мурат - лесхоздун начальниги; Өмүралиев Жунуш врач, ошол эле ооруканада хирург; Усупов Бектурган – Ананьеводогу оорукананын башкы дарыгери ж.б. болчу.

Булар менен дагы абдан жакшы мамиледе болуп, майрамдарда, той-тобурда үй-бүлөлөрү менен чогу, тез-тез катышып турушаар эле. Чогулушкан сайын, ары кызыктуу, ары нускалуу маектерди куруп, тамашалашып, убактыларын абдан көңүлдүү өкөрүшчү. Алардын маектерин, тамашаларын жаштар, *“Биз дагы ушундай досторду күтүп, эс алууну ушундай өткөрсөк”* - деген ой менен кунт коюп угушчу.